DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Батырканов Н.М.*

# МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН КЫЗМАТТЫК УКУКТАРЫНЫН УКУКТУК МҮНӨЗДӨМӨСҮ ЖАНА АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

*Батырканов Н.М.*

# ПРАВОВАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА И ПРИОРИТЕТЫ ДОЛЖНОСТНЫХ ПРАВ ГОСУДАРСТВЕННЫХ СЛУЖАЩИХ

*N.M. Batyrkanov*

# LEGAL CHARACTERISTICS AND PRIORITIES CIVIL SERVANTS OFFICIAL RIGHTS

*УДК: 342.9(575.2) (043.7)*

*Бул макалада мамлекеттик кызматчынын укуктук абалын кароодо укуктук мамилелердин субъектилеринин укуктары жана милдеттери сыяктуу юридикалык институттардын рационалдуу өз ара аракеттенүүсүн орнотуу, таануу жана укук-ченемдик бекитүү аркылуу гана мүмкүн болот. Укуктар менен милдеттер, мамлекет менен инсандын кызыкчылыктарынын шайкештигин жараткандай болуп, өз ара аракеттенүүлөрү керек. Биздин көз карашыбызда, мамлекеттик кызматкерлердин укуктары менен милдеттерин изилдөөнү алардын мазмунунун жана түзүмүнүн призмасы аркылуу жүргүзүү максаттуу. Ошол эле маалда, укуктар менен милдеттер салыштырмалуу анализ жүргүзүүгө багыт алгат. Бул макаланын максаты төмөнкүчө түшүндүрүлөт, укуктук мамилелер ченемдик негизден келип чыгат, себеби, каалаган укуктук-ченем өзүнүн мазмуну боюнча укуктук тутумдун берүүчү-милдеттендирүүчү элементи болот. мамлекет түзүлүшүнүн жана анын укук менен тыгыз байланышта экендигин түшүндүрүп жеткирүү, коомдогу укуктук мамилелер бул жалгыз гана коомдук тартип менен коопсуздук маселеси эмес, бул деген укуктук аңсезимдин калыптанышын жанана анын коомдогу мамилелерди жөнгө салуучу регулятор катары калыптанышынын негизин салууга өбөлгө түзүүчү курал болот.*

***Негизги сөздөр:*** *укуктук байланыш, мамлекеттик кызматчы, жарандык кызматчы, муниципалдык кызматкер, баалоо комиссиясы, укуктук жөнгө салуу, укуктук мамиле, милдеттер.*

*Рассмотрение правового положения государственного служащего в данной статье возможно только путем установления, признания и нормативно-правового закрепления рационального взаимодействия таких юридических институтов, как права и обязанности субъектов правоотношений. Права и обязанности должны взаимодействовать так, чтобы они соответствовали интересам государства и личности.На наш взгляд, целью исследования прав и обязанностей государственных служащих является проведение через призму их содержания и структуры. В то же время, права и обязанности будут направлены на проведение сравнительного анализа. Цель данной статьи заключается в том, что правоотношения вытекают из нормативной основы, поскольку любая правовая норма по своему содержанию является вещественно-обязывающим элементом правовой системы. разъяснение структуры государства и его тесной взаимосвязи с правом, правоотношения в обществе – это не только вопрос общественного порядка и безопасности, это инструмент, способствующий становлению правовой системы и ее становлению как регулятора, регулирующего государственные отношения в обществе.*

***Ключевые слова:*** *правовая связь, государственный служащий, гражданский служащий, муниципальный служащий, оценочная комиссия, правовое регулирование, правоотношение, обязанности.*

*Consideration of the legal status of a civil servant in this article is possible only by establishing, recognizing and regulating the rational interaction of legal institutions such as the rights and obligations of legal entities. Rights and obligations must interact in a way that is consistent with the interests of the state and the individual. In our opinion, the purpose of the study of the rights and duties of civil servants is to conduct through the prism of their content and structure. At the same time, the rights and obligations will be aimed at conducting a comparative analysis. The purpose of this article is that legal relations arising from the regulatory framework, since each legal norm in its content is a material-binding element of the legal system. explaining the structure of the state and its relationship to the right to legal relations in society is not only a matter of public order and security, this tool contributes to the legal system and its presence as a regulator regulating state relations in society.*

***Key words:*** *legal relationship, civil servant, civil servant, municipal employee, evaluation commission, legal regulation, legal relationship, duties.*

Укуктар менен милдеттердин ортосундагы мамилелердеги оптималдуулукту, тең салмактуулукту орнотуу дайыма юриспруденциянын маанилүү теориялык көйгөйү болуп келген. Оптималдуулук өз ара мамилелердин тең салмактандырылган тутумун түзүүдө чагылдырылат. Мындай абалга жетүү укуктук

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



мамилелердин субъектилеринин укуктары жана милдеттери сыяктуу юридикалык институттардын рационалдуу өз ара аракеттенүүсүн орнотуу, таануу жана укук-ченемдик бекитүү аркылуу гана мүмкүн болот. Укуктар менен милдеттер, мамлекет менен инсандын кызыкчылыктарынын шайкештигин жараткандай болуп, өз ара аракеттенүүлөрү керек.

Биздин көз карашыбызда, мамлекеттик кызматкерлердин укуктары менен милдеттерин изилдөөнү алардын мазмунунун жана түзүмүнүн призмасы аркылуу жүргүзүү максаттуу. Ошол эле маалда, укуктар менен милдеттер салыштырмалуу өз алдынча институттар болгондугуна карабастан, алар бири-бири менен байланыштан тышкары мүнөздөлүнбөйт, анткени, Н.И.Матузов белгилегендей, булар өз ара байланышкан, жуптук түшүнүктөр [10, 237-б]. В.А. Козбаненконун пикири боюнча, жарандык кызматкерлердин укуктары алардын милдеттери менен өз ара өтө тыгыз байланышкан [8, 357-б]. Практикада кызматкерлердин укуктары качан милдетке айлангандыгын жана, тескерисинче, милдеттердин укуктарга өткөндүгүн айырмалоо, айрым учурларда кыйын болот. Мисалы, профессор Б.М. Лазарев өз убагында, “органдын укуктары – бул анын мамлекет алдындагы милдеттери” – деп эсептеген [6, 157-б.]. Башка окумуштуулар, мисалы, Ю.А. Тихомиров бул чечмелөөдө эки пикир бар деп эсептейт. Бирок, профессор Д.Н. Бахрах мамлекеттик кызматкерлердин милдеттерин биринчи орунга коёт. Анын айтымында, мамлекеттик кызматтын негизги элементи – бул милдеттер, ал эми укуктар экинчи кезектеги мүнөзгө ээ, себеби, алар түз же кыйыр түрдө милдеттердин аткарылышы үчүн шарттарды гана түзүшөт. Д.Н. Бахрах мамлекеттик кызматкерлердин укуктарын эки топко бөлөт: кызматтык жана жеке. Жеке укуктар мамлекеттик кызматкердин натыйжалуу ишмердүүлүгүн камсыздоого кыйыр түрдө багытталган [4, 37-б.].

Укуктуулук мамлекеттик-кызматтык мамилелердин элементи катары мамлекеттик кызматкер үчүн өзүнүн кызматтык милдеттерин укуктар аркылуу аткаруу мүмкүндүгүнөн турат. Экинчи тарабынан, мамлекеттик кызматкердин ага мамлекеттик кызматты ээлөөгө байланыштуу берилген кызматтык ыйгарым укуктарын аткаруу укугу, анын макамынын милдет сыяктуу элементин пайда кылат. Профессор В.М. Манохин мамлекеттик кызматкердин укуктарын эки топко бөлөт: [9, 137-б.]. 1) кызматтык ыйгарым укуктарды түздөн-түз аткаруу процессинде ишке ашыруучу; 2) мамлекеттик кызматкерге анын кызматын аткарууну камсыздоочу. Ал милдеттерди дагы эки топко бөлөт: 1) кызматтык ыйгарым укуктарды түздөн-түз аткаруу боюнча; 2) кызматты аткарууну камсыздоочу.

Мамлекеттик кызматкер тарабынан аткарылуучу функциялардын мүнөзү алардын укуктук макамынын өзгөчөлүктөрүн аныктайт, эркиндиктин чектерин, мүмкүн болгон жүрүм-турумдун өлчөмүн жана чек араларын, укукка жөндөмдүүлүктүн көлөмүн кыйла тарытат. Мамлекеттик кызматтагы эркиндиктин маңызы ал дайыма кызматтык ыйгарым укуктардын чектери менен чектелгендиги, мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктары, укуктук мамилелердин бардык субьектилеринин укуктары жана милдеттери менен байланышта болгондугу менен негизделген. Мамлекеттик кызматкерлер, алар аткарган функциялардын спецификасына байланыштуу, өзүлөрүнүн ыйгарым укуктарын мыйзамдар менен аныкталган чектерде гана ишке ашырууга милдеттүү.

Окумуштуулар укуктардын классификациясын ар кандай критерийлерге жараша жүргүзөт. Маселен, А.Ф. Ноздрачев мамлекеттик кызматкерлердин укуктарын субьективдүү жарандык жана жалпы кызматтык укуктарга бөлөт. Өз кезегинде, конкреттүү кызматтар менен байланыштуу эмес болгон, жалпы кызматтык укуктар автор тарабынан кызматтык ишмердүүлүктүн маңызына тиешелүү укуктарга жана мамлекеттик кызматкердин макамына дал келген укуктарга, жана ошондой эле мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктарга бөлөт. Ю.Н. Старилов төмөнкү укуктарды бөлөт: кызматкерлерге өзүлөрүнүн укуктук макамын жана анын укуктук корголушун тактоону камсыздоочу; кызматтык милдеттерди түздөн-түз аткарууну өбөлгөлөөчү; кызматкердин кызматтык жандуулугун күчөтүүгө жардамдашуучу; кызматкердин социалдык кепилдиктерин камсыздоочу. А.А. Таранов укуктарды жалпы, атайын жана процессуалдык деп бөлөт [7, 57-б.].

Биздин көз карашыбызда, эң бир ачыкталган жана конкреттештирилген классификацияны казак окумуш туусу Л.Т.Жанузаков сунуштайт. Ал белгилүү критерийлер боюнча укуктарды төмөнкүдөй топторго бөлөт [10,77-б.]:

1. Бекитүүнүн ченемдик негизи боюнча – жалпы жана атайын.

2. Мамлекеттик кызматтардын классификациясына жараша – саясий мамлекеттик кызматтарды ээлегендердин жана административдик мамлекеттик кызматтарды ээлегендердин укуктары.

3. Башкаруу деңгээли боюнча – республикалык органдардын мамлекеттик кызматкерлеринин укуктары жана мамлекеттик башкаруунун жергиликтүү ор-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



гандарынын мамлекеттик кызматкерлеринин укуктары.

4. Бийликтерди бөлүштүрүү принциби жана тийиштүү органдын мамлекеттик механизмдеги орду боюнча.

5. Функционалдык-тармактык бөлүштүрүүнүн негизинде – жалпы, тармактык, тармактар аралык жана атайын ыйгарым укуктагы органдардын укуктары.

6. Кызматтык ыйгарым укуктардын мүнөзү жана ээлеген кызматтын деңгээли боюнча жетектөөчү кызматтарды ээлеген мамлекеттик кызматкерлердин укуктары жана аткаруучу мамлекеттик кызматкерлердин укуктары.

7. Мазмуну боюнча саясий, социалдык-экономикалык, уюштуруучулук-функционалдык жана этикалык.

Жогоруда келтирилгендер, бизге, мамлекеттик кызматкерлердин укуктарынын классификациясынын төмөнкү вариантын сунуштоого мүмкүндүк берет:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен кепилдендирилген конституциялык укуктар. Бул укуктардын маанилүүлүгү алардын негизги мазмунунан келип чыгат, алар абдан маанилүү, социалдык жактан зарыл, абсолюттук жана ажыратылгыс. Аларга төмөнкүлөрдү кошууга болот:

а) жеке укуктар: жашоого, жеке эркиндикке, турак жайдын, жеке жашоонун кол тийбестигине, жеке жана үй-бүлөлүк сырга, Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча эркин жүрүүгө жана башка нерселерге болгон укуктар;

б) социалдык, экономикалык жана маданий укуктар – жеке менчик укугу, эмгектин эркиндигине болгон укук, кесипти жана ишмердүүлүктүн түрүн эркин тандоо, эс алууга укук, социалдык коргоого укук, билим алууга болгон укук ж.б.;

в) саясий укуктар – мамлекеттик кызматтын бардык кызматтарына жетүүгө бирдей укук, мамлекеттин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдарына жеке кайрылуу, шайлоо укугу, мамлекеттин иштерин башкарууга катышуу укугу, республикалык референдумга катышуу укугу.

2. Мамлекеттик кызматкерлердин кызматтык укуктары жалпы жана атайын укуктардан турат. Биздин көз карашыбызда, бардык кызматтык укуктарды, аларга байланыштуу функциялардын негизги мазмуну боюнча, төмөнкү топторго бөлүүгө болот:

а) мамлекеттик кызматкерлерге кызматтык ыйгарым укуктарга ылайык аракеттенүүгө мүмкүндүк берүүчү укуктар:

- аныкталган тартипте кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды, документтерди жана материалдарды алуу. Зарыл маалыматты алуу укугу мамлекеттик кызматкерге өзүнүн кызматтык милдеттерин толук кандуу аткаруу максатында каалаган инстанциялардан ээлеген кызматына туура келген маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүн берет.

- кызматтык ыйгарым укуктарын ишке ашырууда мыйзамдар менен орнотулган тартипте мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдарга баруу. Бул укукту ишке ашырууга мамлекеттик кызматкер өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын ишке ашыруусу үчүн гана жол берилет.

- өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында чечим кабыл алууга же аларды даярдоого жана кароого катышуу. Бул укук мамлекеттик кызматкерге аткаруучулук-буйрук берүүчү ишмердүүлүк тармагындагы чечимдерди даярдоого жана кабыл алууга түздөн-түз катышуу мүмкүнчүлүгүн берет. Бул укукту ишке ашыруу жамааттык жана жеке тартипте жүргүзүлөт.

б) мамлекеттик кызматкерлерди башка адамдардан тийиштүү жүрүм-турумду талап кылууга укуктандыруучу укуктар:

- жеке намысын сыйлоого, жарандар, кесиптештери, жетекчилери тарабынан өзүнө адилеттүү жана сый мамилеге. Бул укук, биринчи кезекте, инсандын намысын жана аброюн сыйлоого жана коргоого болгон конституциялык принципке негизделген. Эч ким, кызматтык, материалдык абалына карабастан бул талапты бузууга укуктуу эмес. Мамлекеттик кызматта жаралуучу бардык мамилелер бир гана улуттук мыйзамдар менен жөнгө салынат.

- жетекчиден так аныкталган кызматтык ыйгарым укуктарды бекитүүнү талап кылуу. Бул жобо мамлекеттик кызматкерге өзүнүн укуктары менен милдеттеринин айланасын тактоого; жетекчиден же кадрдык маселелерди чечүүгө ыйгарым укуктуу кызмат адамынан кызматтык инструкциялары, жоболор менен тааныштырууну талап кылууга мүмкүндүк берет. Бул укуктун негизги максаты – кызмат боюнча жогору турган жактарга кызматтык абалынан аша чабууга жол бербөө.

- мамлекет тарабынан берилген ыйгарым укуктарынын чегинде тийиштүү мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана алардын кызмат адамдарынан, юридикалык жактардан жана жарандардан Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мыйзамдарын жана башка

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



укук-ченемдик актыларын, жана ошондой эле өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарынын чегинде мамлекеттик кызматкерлер тарабынан кабыл алынган чечимдерди аткарууну талап кылуу.

- жетекчинин оозеки берилген буйругунун мыйзамдуулугу тууралуу күмөн пайда болгон учурларда анын жазуу түрүндөгү бекемдемесин талап кылуу.

в) мамлекеттик кызматкерлердин укуктук макамынын корголуусун камсыздоочу укуктар:

- мамлекеттик кызматкер анын дарегине келип түшкөн даттануулар менен таанышууга жана ал боюнча өзүнүн түшүндүрмөлөрүн берүүгө укуктуу. Бул укук кызматтык жактардын ыктымалдуу кыянаттыктарынан коргоонун укуктук кепилдиктеринин бири. Мамлекеттик кызматкер өзүнүн намысына жана аброюна шек келтирүүчү, анын ишмердүүлүгүн объективдүү эмес баалаган, калп маалыматтарды камтыган материалдарды аныктаган учурларда, жогору турган органда же сотто өзүнүн чындыгын даттанууга укуктуу.

- анын билиминин деңгээлин, компетенттүүлүгүн, кесиптик квалификациясын, тажрыйбасын жана кызматтык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын эске алуу менен кызмат боюнча алдыга жылууга, динамикалуулук, интеллектуалдык ийкемдүүлүк, чыгармачылык активдүүлүк, мамлекеттик кызматкердин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн бири. Мамлекеттик кызматкердин кесиптик карьерасы кесипкөйлүктөн, компетенттүүлүктүн жеке деңгээлине ылайык, меритократия принцибинин негизинде калыптанышы керек.

- мамлекеттик кызматкердин көз карашы боюнча, негизсиз күнөөлөөлөр бар болгон учурларда кызматтык иликтөөнү талап кылуу укугу. Бул укук мамлекеттик кызматкердин жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн намысын жана аброюн мыйзамсыз аракеттерден коргоолуусун камсыздоочу, укуктук кепилдиктердин бири. Бул укуктун аткарылышын тийиштүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана алардын кызмат адамдары камсыздашат.

- социалдык жана укуктук коргоого болгон укуктун мазмуну мамлекеттик кызматкердин кепилдиктеринин мазмуну менен тыгыз байланышкан. Укуктук макамдын бардык элементтеринин өз ара тыгыз байланышкандыгы, алардын өз ара негизделгендиги ушунда камтылат.

- өз каалоосу боюнча мамлекеттик кызматтан кетүүгө болгон укук. Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен ар бирөө эмгектин эркиндигине, кесипти жана ишмердүүлүктүн түрүн эркин тандоого укуктуу деп бекитет. Мамлекеттик кызматкердин чечим кабыл алуусуна эч ким таасир этүүгө укуктуу эмес.

г) мамлекеттик кызматкерге социалдык кепилдиктер менен колдонууну камсыздоочу укуктар:

- ээлеген кызматына, класстык чинине, тажрыйбасына жана башка мыйзамдар менен орнотулган негиздерге жараша айлык маяна, эмгек эргүү жана тийиштүү жеңилдиктерди алууга. Мамлекет, мамлекеттик кызмат тармагындагы негизги жумуш берүүчү болуп туруп, мамлекеттик башкаруунун реформасынын заманбап этабында мамлекеттик кызматкерлердин эмгек акысын төлөө жана материалдык дем берүү жөнүндөгү маселелени негизгилердин бири катары кароодо.

- өзүнүн кесиптик квалификациясын жогорулатуу үчүн окууга болгон укук. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына ылайык, кайрадан даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу кошумча кесиптик билим берүүнүн негизги формалары болуп саналат. Мамлекеттик кызматкерлер тийиштүү бюджеттин эсебинен кошумча кесиптик билим алууга укуктуу.

- эмгектин ден соолук үчүн коопсуз шарттарын түзүүгө болгон укук. Бул укук иштин жогорку өндүрүмдүүлүгүнүн шарттары үчүн зарыл. Мамлекеттик кызматкер толук кандуу ишмердүүлүк үчүн зарыл болгон эмгек шарттарына, эмгектин нормалдуу шарттарын камсыздоочу тийиштүү экономикалык, санитардык жана башка талаптарга ээ болууга укуктуу.

- мамлекеттик кызматкерлердин пенсиялык жана социалдык камсыз болууга укуктары. Бул укук Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик пенсиялык-социалдык камсыздандыруу жөнүндөгү” мыйзамы менен жөнгө салынат. Ага ылайык, Кыргыз Республикасынын бардык жарандарына мыйзамдар менен орнотулган тартипте пенсия менен камсыз болуу кепилдендирилет.

Жогоруда келтирилген жалпы кызматтык укуктардын көлөмү Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» мыйзамында аныкталган жана бекитилген. Албетте, базалык мыйзамдардын гана негизинде мамлекеттик кызматкерлердин кызматтык ишмердүүлүгүнүн бардык өзгөчөлүктөрүн ачыктоо мүмкүн эмес. Б.М. Лазарев белгилегендей, мыйзам канчалык жакшы болбосун, ал турмуштук кырдаалдардын баарын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



камтый албайт. Качан мыйзамдарда тигил же бул мамилелерди жөнгө салуучу эрежелер жок болгондо, башкаруу органдары өзүлөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде алардын көпчүлүгүн өз алдынча орнотушат [11, 177-б.].

Мамлекеттик кызматкерлердин негизги укуктарын кароонун жыйынтыгы төмөндөгүчө:

Биринчиден, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик-кызматтык мыйзамдарында өлкөнүн мамлекеттик кызматкерлеринин кесиптик ишмердүүлүгүн ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн жетиштүү деңгээлде кенен укуктар каралган;

Экинчиден, окумуштуулар мыйзамда көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматкерлердин укуктарын классификациялоодо бир нечелеген түрлөргө бөлүү менен анын түшүнүгүн жана маңызын аныкташкан. Демек, мамлекеттик кызматкерлердин укуктарынын түшүнүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары менен кепилдендирилген конституциялык укуктар. Бул укуктар социалдык жактан зарыл, абсолюттук жана ажыратылгыс.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (Кыргыз Республикасынын 2010-жылдын 27-июнундагы “Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө” редакцияда). (В редакции Закона КР от 28 декабря 2016 года №218).
2. «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы 2016-жылдын 30-майы.
3. Старилов Ю.Н. Россия Федерациясындагы мамлекеттик кызмат: (теориялык-укуктук изилдөө): юрид. илим. докт. … дисс. - Воронеж, 1996.
4. Бахрах Д.Н. Россия Федерациясындагы мамлекеттик кызмат: Дарстар тексти. - Екатеринбург, 1995.
5. Базарбай уулу Э., Смыкалин А.С. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын андан ары өнүгүү этабы // Известия вузов. - 2006. №1.
6. Лазерев Б.М. Государственная служба. - М., 2012.
7. Таранов А.А. Казакстан Республикасынын административдик укугу. Жалпы бөлүм. - Алматы: Жети жаргы, 1996.
8. Козбаненко В.А. Мамлекеттик жарандык кызматкерлердин статусунун укуктук камсыздалышы (теориялык-административдик аспектилер): Автореф. юрид. илим. доктору … дисс. - М., ММЭМИ (МГИМО) (У) РФнын ИИМи, 2003.
9. Манохин С.В. Россия Федерациясындагы кызмат жана кызматчы: укуктук жөнгө салуу. Моногр. - М.: Юристь, 1997.
10. Матузов Н.И., Малько А.В. Мамлекет жана укук теориясы: Учебник - М.: Юристь, 2003.
11. Шерипов Н.Т. Государственная гражданская служба (административно-правовое исследование): Автореферат диссертации на соискание ученой степени д.ю.н. - Тюмень. 2011. - С. 12.
12. Жанузаков Л.Т. Проблемы взаимодействия местных представительных и исполнительных органов Республики Казахстан. - 2007.